**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору, доцент Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековнанын изденүүчү Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын “Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы” аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# КОРУТУНДУ ПИКИРИ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**. Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын “Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы” аттуу докторлук иши Д 10.24.700 диссертациялык кеңешинин багытына, ал эми изилдөө ишинин мазмуну жана концептуалдык негизи 10.02.01 - кыргыз тили адистигине шайкеш келет.

**2. Иштин максаты.** Бул изилдөөнүн негизги максаты - көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категорияларын кыргыз тилиндеги материалдын негизинде лингвистикалык талдоого алууну, көркөм тексттин функционалдашуусунун структурасын жана өзгөчөлүгүн көркөм стилдин спецификасында табууну, экстралингвистикалык негизге шарттоону аныктап берүүнү көздөйт. Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Жалпы тил илиминде жана кыргыз тил илиминде тексттик лингвистикасынын көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын илимий-теориялык аспектиде изилденишин иликтөө жана ал категорияларды шарттаган экстралингвистикалык факторлорду белгилөө;

2. Прозалык көркөм тексттин өзгөчөлүктөрүн, көркөм текстке лингвистикалык анализ жүргүзүүнүн жолдорун, методдорун, грамматикалык жана көркөм убакыттын карым-катышынын теориялык негиздерин, учурдагы кептин убакыттын грамматикалык категориясынын баштапкы түшүнүгү катары кыргыз тилинин материалында берилишин аныктоо;

3. Көркөм тексттеги ретроспекция категориясынын мазмундук-маанилик деңгээлин жана анын функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары мейкиндик түзүлүшүн, ретроспекциялык тилдик айтылыштарын, ретроспекция категориясынын аткаруу функцияларын (кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында) талдоо;

4. Көркөм тексттеги проспекция категориясынын мазмундук-маанилик деңгээлин жана анын функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары мейкиндик түзүлүшүн, проспекциялык тилдик айтылыштарын,

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 10-24-17
« 13 » 01 2025 ж.г.

проспекция категориясынын аткаруу функцияларын (кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында) изилдөө;

5. Көркөм текстте ретроспекция жана проспекция категорияларынын бири-бири менен болгон карым-катышын жана ал категориялардын туюнтулуу өзгөчөлүктөрүн анализдөө.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп, тексттин семантикалык структурасындагы ретроспекция жана проспекция категориялары, аларды коштогон экстралингвистикалык шарттар саналат.

**Изилдөөнүн предмети** катары ретроспекция жана проспекция категориясынын типологиялык өзгөчөлүктөрү, коммуникативдик-прагматикалык табияты эсептелет.

Көркөм текстти комплексттүү иликтөөдө негизинен сыпаттоо методунун семантикалык-дифференциалдык принциби колдонулду. Ал көркөм текстке функционалдык семантикалык-стилистикалык анализ жүргүзүүдө, тексттин тилдик жагын түздөн-түз лингвостилисттик жактан талдоо максатын ишке ашырат.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы тил илиминде тилдин системалык-структуралык аспектисин изилдөөдө, анын функционалдык-коммуникативдик жагына да көп көңүл буруу талабы жаралды. Ал лингвистикалык анализдин бирдиктеринин кеңейишине алып келди. Тилдик системанын эң жогорку деңгээли катары текстти таануу – лингвисттерди конкреттүү тексттин өзгөгүндө эмне жатат, ал кантип уюшулат, кандай форманын негизинде жаралат, тексттик компененттер кандай карым-катышта болот деген сыяктуу суроолорду чечүүгө багытталат.

Бул диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясын кыргыз тилинин материалында изилдөөгө алуу зарылчылдыгына негизделип, аталган маселелерге биринчилерден болуп, системалуу, комплекстүү лингвистикалык иликтөөлөрдүн жүргүзүлүшү менен түшүндүрүлөт.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарды талдоо жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу.**

**1-натыйжа.** Жалпы тил илиминде жана кыргыз тил илиминде тексттик лингвистиканын көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын изилдениши илимий жактан негизделген, алардагы концептуалдуу көз караштарга, илимий адабияттарга талдоо жүргүзүү толук (1.1., 1.2., 1.3., 1.4.);

**2-натыйжа.** Прозалык көркөм тексттин өзгөчөлүктөрү, көркөм текстке лингвистикалык анализ жүргүзүүнүн жолдору, методдору, грамматикалык жана көркөм убакыттын карым-катышынын теориялык негиздери, учурдагы кептин убакыттын грамматикалык категориясынын баштапкы түшүнүгү экендиги кыргыз тилинин материалында алгачкыдан болуп илимий негизде ишенимдүү аткарылган (2.1., 2.2., 2.3., 2.4.);

**3-натыйжа.** Көркөм тексттеги ретроспекция категориясынын мазмундук-маанилик деңгээли жана анын функционалдык семантикалык-

стилистикалык категория катары мейкиндик түзүлүшү, ретроспекциялык тилдик айтылыштары, ретроспекция категориясынын аткаруу функциялары кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында диссертанттын өзүнүн жеке изилдөөсүнүн жана факт-материалдардын негизинде ишенимдүү аныкталган (3.1., 3.2., 3.3., 3.4.);

**4-натыйжа.** Көркөм тексттеги проспекция категориясынын мазмундук-маанилик деңгээли жана анын функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары мейкиндик түзүлүшү, проспекциялык тилдик айтылыштары, проспекция категориясынын аткаруу функциялары кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында биринчилерден болуп изилдөөгө алынган жана лингвистикалык-коммуникативдик багытта негиздүү жана ишенимдүү талданган (4.1., 4.2., 4.3., 4.4.);

**5-натыйжа** Көркөм текстте ретроспекция жана проспекция категорияларынын бири-бири менен болгон карым-катышын жана ал категориялардын туюнтулуу өзгөчөлүктөрүн анализдөө негиздүү жана ишенимдүү ишке ашкан (5.1., 5.2., 5.3., 5.4.).

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалары.**

**3.1. Иштин илимий жаңылыгы.** Тил илимин коммуникативдик-функционалдуу парадигманын түзүлүшүнө карата ылайыкташтыруу, көркөм тексттин өзүн изилдөөнүн предмети деп кароо, аны типологиялык лингвистиканын талабына ылайык (тексттик континуум, когезия аркылуу гана талдабастан, коммуникативдик мамилени жана аны менен аныкталган тексттердин структуралык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн) талдоого алынышы, аны татаал синтаксистик бүтүндүк катары таанып, тексттик категориянын (ретроспекция жана проспекциянын) аныктамасын тексттик түшүнүктөн чыгарышы - аталган диссертациялык эмгектин илимий жаңылыгы.

**3.2. Диссертацияда берилген илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө.**

**1-натыйжа** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы боюнча жалпы жана жеке тил илиминдеги илимий-теориялык булактардан алынган материалдарга таянуунун жана аларга өз алдынча көз караш менен мамиле жасоонун негизинде чыгарылган.

**2-натыйжа** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, анткени тексттик категория түшүнүгү тексттин типологиялык белгилеринин (касиет жана параметр) аспектисинде каралып, коммуникативдик актыны эсепке алуу менен аныкталган. Тактап айтканда, көркөм текстте белгилүү коммуникативдик-стилистикалык функцияны аткарган жана көркөм кептин стилдик өзгөчөлүгүнө, аталган чөйрөдөгү баарлашуунун максатына жана милдетине, башка тексттик категориялардын белгилерине ээ болгон ар кандай деңгээлдеги тилдик каражаттар, лингвистикалык анализ жүргүзүүнүн жолдору, методдору, грамматикалык жана көркөм убакыттын карым-

катышынын теориялык негиздери, учурдагы кеп түшүнүгү ж.б. фактылык материалдардын негизинде ачылып көрсөтүлгөн.

**3-натыйжа** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби кыргыз тилиндеги толук бүткөн көркөм текстте текст түзүүчүлүк мааниге ээ болгон ретроспекция категориясына (мурда бул планда алар атайын иликтөөгө алынбаган) комплекстүү түрдө дисциплиналар аралык анализ жасалган, анын мазмундук-маанилик деңгээли, функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары мейкиндик түзүлүшү, ретроспекциялык тилдик айтылыштары, аткаруу функциялары (кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында) талдоого биринчилерден болуп алынган.

**4-натыйжа** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, анткени көркөм тексттеги проспекция категориясынын мазмундук-маанилик деңгээли, функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары мейкиндик түзүлүшү, проспекциялык тилдик айтылыштары жана аткаруу функциялары (кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында) алгачкылардан болуп изилдөөгө алынып, фактылык материалдардын негизинде мүнөздөлгөн.

**5-натыйжа** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби көркөм текстте ретроспекция жана проспекция категорияларынын бири-бири менен болгон карым-катышы жана ал категориялардын туюнтулуу өзгөчөлүктөрү, айтылыштарын түзгөн тилдик каражаттары анализделип, алардын үстүрт, же композиционалдык-структуралык жана терең, же мазмундук-маанилүүлүк деңгээлдери экстралингвистикалык негизде, б.а., функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары структурасына кеңири лингвистикалык талдоо жасалып, тийиштүү илимий-теориялык тыянактар чыгарылган.

**3.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

**1-натыйжаны жаңы** деп эсептөөгө болот, себеби жалпы тил илиминде жана кыргыз тил илиминде тексттик лингвистикада көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын илимий-теориялык аспектиде изилдениши тыкан иликтөөгө алынып, диссертанттын өзүнүн жекече илимий ойлору теориялык жактан негизделип берилген.

**2-натыйжа жаңы,** диссертациялык иштин максат-талаптарына ылайык изилдөөнүн талдоого алынган материалдары, обьектиси, предмети, методдору аныкталып көрсөтүлгөн.

**3-натыйжаны жаңы** деп эсептөөгө болот, анткени кыргыз тилиндеги көркөм материалдын мисалында ретроспекция категориясынын категориялык статусу изденүүчү тарабынан жеке илимий-теориялык жактан терең ачылып берилген жана стилистикалык-функционалдык аспектиде анализденген.

**4-натыйжа жаңы,** проспекция категориясы тексттен кийинки учурда (тексттин ички түзүлүшүндө же тексттен сырткары) таралышынын негизинде контактык жана дистанттык бирдиктердин катарлаш абалында аныкталган, аны жаратуучу каражаттарды белгилөөдө диахрондук ыкма колдонулган, ошону менен бирге проспекция лексикалык, ономастикалык жана тексттик каражаттар аркылуу түзүлөрү көрсөтүлгөн.

**5-натыйжа жаңы,** ретроспекция жана проспекция категорияларынын бири-бири менен болгон карым-катышы жана алардын туюнтулуу өзгөчөлүктөрү, көркөм тексттин мазмундук-линиялык түзүлүшүнүн жалпы абалы, андагы баяндоонун формасы жана айтылыш мүмкүнчүлүгү, "мейкиндик" жана "убакыт" маанисинин ишке ашышы теориялык жактан гана белгиленилбестен, конкреттүү тексттерге (кыргыз тилиндеги материалда) лингвистикалык анализ жүргүзүү менен далилденген.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.**

1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү

1.2. Илимдин тийиштүү тармагындагы келечектүү багыттын өнүгүшүндө жаңы ири жетишкендик катары квалификациялоого мүмкүн болгон теориялык жоболорду иштеп чыгышы.

2. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылыгынын деңгээли

2.1. Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу

3.2. Жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли

5.2. Тармактык деңгээлде.

6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**4. Иштин ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттердин чечилишинен алынган жыйынтыктардын багытын баалоо.** Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын "Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы" деген темадагы диссертациясынын натыйжалары жана андан алынган жыйынтыктары кыргыз тилиндеги тексттик лингвистика багытындагы комплекстүү изилдөө менен байланышкан. Алынган илимий жыйынтыктар өз ара байланыштуу. Диссертация аталган проблема боюнча ички бүтүндүккө бириктирилген илимий жаңы жыйынтыктарды жана натыйжаларды камтыйт жана алар диссертанттын кыргыз тил илимине кошкон жеке салымын көрсөтөт.

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар – ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**. Изилдөөдөн алынган корутунду пикирлер, тыянак-натыйжалар, теориялык материалдар жана негизги жоболор билим берүүчүлүк максатта жана бул багыттагы кийинки изилдөөлөрдө теориялык-методологиялык жана практикалык планда пайдаланууга сунушталат. Ретроспекция жана проспекциянын каражатын колдонуу принцибин билүү – көркөм текстти жаратуучуларга жана аны редакциялоочу адистерге да эң керек. Филология адистиги боюнча текст таануу, кеп маданияты, стилистика, тексттик лингвистика, текстке лингвистикалык талдоо, көркөм чыгарманы талдоо ж.б. боюнча адистик жана тандалып окулуучу сабактарды өтүүдө, ошондой эле тексттик лингвистикадагы түрдүү аспектидеги изилдөөлөрдө колдонууга болот.

**6. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

Изилдөөнүн мазмуну боюнча республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган.

Диссертациянын негизги мазмуну жана натыйжалары жалпысынан 20 илимий макалада чагылдырылган: анын ичинен чет элдик басмада РИНЦ системасындагы журналда – 10 макала, КРдин РИНЦ индекстелген жана УАК тарабынан сунушталган мезгилдүү илимий басылмаларда – 10 макала жарык көргөн. Алар төмөнкүлөр:

1. Бийгелдиева, Н. А. Категории ретроспекции и проспекции в художественных текстах [Текст] / Н. А. Бийгелдиева. – Германия: LAP LAMBERT Academic Publishing, 2023. – 63 б.

2. Бийгелдиева, Н. А. Различия выражений ретроспективной и проспективной категорий (в аспекте художественного текста) [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Бюллетень науки и практики. – 2023. Т. 9.- №9. - С. 277-280. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54496020

3. Бийгелдиева Н. А. Исполнительские функции категории ретроспекции в художественном тексте [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Бюллетень науки и практики. – 2023. Т. 9. - №9. – С. 281-284. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54496021

4. Бийгелдиева, Н. А. Состояние проведения лингвистического анализа текста в кыргызской лингвистике [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Бюллетень науки и практики. – 2023. Т. 9. - №6. – С. 734-738. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54035083

5. Бийгелдиева, Н. А. Текущая речь - основное понятие грамматической категории времени (на материале кыргызского языка) [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Бюллетень науки и практики. – 2023. Т. 9. - №6. – С. 739-743. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54035084

6. Бийгелдиева, Н. А. Ретроспекция и проспекция в тексте (на примере романа Ч. Айтматова «И дольше века длится день») [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Бюллетень науки и практики. – 2023. Т. 9. - No5. – С. 652-656. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=53815408

7. Бийгелдиева, Н. А. Теоретические основы соотношения грамматического и художественного времени [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Бюллетень науки и практики. – 2023. Т. 9. - No5. – С. 657-661. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=53815409

8. Бийгелдиева, Н. А. Топологическая характеристика категории времени в художественном произведении [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Бюллетень науки и практики. – 2023. Т. 9. - No5. – С. 662-666. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=53815410

9. Бийгелдиева, Н. А. Көркөм тексттеги убакыт категориясы [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // «IV Международное книжное издание стран Содружество Независимых Государств / «ЛУЧШИЙ ПЕДАГОГ - 2023»: IV международная книжная коллекция научно-педагогических работников – Астана, 2023 г. – С. 84-87.

10. Бийгелдиева, Н. А. Тексттик категориянын функционалдык-семантикалык жана функционалдык-стилистикалык аспектиде изилденишинин жалпы мүнөздөмөсү [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2023. - № 2. - 262-265-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54762655

11. Бийгелдиева, Н. А. Тексттин ретроспекция жана проспекция категорияларын изилдөөнүн ал-абалы, проблемалары [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. –2023. - № 2. – 265-269-ббhttps://www.elibrary.ru/item.asp?id=54762656.

12. Бийгелдиева, Н. А. Көркөм тексттеги ретроспекция категориясы [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.–2023.-№4.–304-306-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54791136

13. Бийгелдиева, Н. А. Көркөм тексттеги ретроспекциялык тилдик айтылыштар [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. - № 4. – 289-292-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54791137

14. Бийгелдиева, Н. А. Убактылуу-көрүнүштүк форма – морфологиялык деңгээлдин бирдиги [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // «Ала-Тоо» эл аралык университетинин басылышы. – 2023. - №2. – 220-226-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54151665

15. Бийгелдиева, Н. А. Көркөм чыгармадагы убактылуу-көрүнүштүк форманын жаралуу принциптери [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // «Ала-Тоо» эл аралык университетинин басылышы. – 2023. - №2. – 227-233-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54151666

16. Бийгелдиева, Н. А. Көркөм тексттеги проспекция категориясы, мазмундук-маанилик деңгээли [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // «Ала-Тоо» эл аралык университетинин басылышы. – 2023. - № 3– 220-229-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54881651

17. Бийгелдиева, Н. А..Текстте кездешкен ретроспекция жана проспекция [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Сборник материалов международной научной конференции «НЕЗАВИСИМЫЙ КАЗАКСТАН: ЯЗЫК И ОНОМАСТИКА» – Тараз: Издательство «Dulaty university», 2023. – 29-33-бб.

18. Бийгелдиева, Н. А. Грамматикалык жана көркөм убакыттын карым-катышынын теориялык негиздери [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Сборник материалов международной научной конференции «НЕЗАВИСИМЫЙ КАЗАКСТАН: ЯЗЫК И ОНОМАСТИКА» - Тараз: Издательство «Dulaty university», 2023. – 108-112-бб.

19. Бийгелдиева, Н. А. Метатекст – тексттин өзүнүн айланасында ачылган натыйжалардын конвергенциясы [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. - № 3. – 267-270-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=46306403

20. Бийгелдиева, Н. А. Көркөм тексттеги ретроспекия жана проспекция категориясы [Текст] / Н. А. Бийгелдиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2020. - № 6 – 295-298-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=46301653

**7. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган. Автореферат диссертацияга шайкеш келет.

**8. Кандидаттык диссертациянын материалдарынын докторлук диссертацияда камтылышы.** Докторлук диссертацияда изденүүчүнүн кандидаттык диссертациясынын материалдары камтылган эмес. Н.А.Бийгелдиеванын кандидаттык диссертациясы “Кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери” деп аталып, кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери, окутуунун

жолдору, ыкмалары, методдору жана каражаттары иштелип чыгып, сунуш кылынган.

**9. Диссертациялык эмгекте учураган айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациялык иште айрым техникалык мүнөздөгү мүчүлүштүктөр учурайт (124-б., 132-б., 134-б.).

2. Көркөм текстке лингвистикалык анализди азыркы аралаш илимдер – таанып билүүнүн теориясы, социалдык-психология, коммуникациянын теориясы ж.б. менен болгон байланышта кароосун улантуу керек.

**10. Диссертациялык иш үчүн сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер.** Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын "Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы" деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине **жетектөөчү мекеме** катары Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Гуманитардык факультетинин филология бөлүмү сунушталат. Дареги: 720044, Бишкек шаары, Жал кичи району, Тыналиев көчөсү, 30-43.

**Расмий оппоненттер:**

Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековна – филология илимдеринин доктору, доцент

Эмгектери:

1. Тилдик кубулуштарды лингвопоэтикалык аспектиде изилдөө (монография). –Б., 2010. -363 б.
2. Көркөм чыгарманын тилин изилдөөнүн айрым маселелери // Социальные и гуманитарные науки. -2010. -№6. -52-55-бб.
3. Парафразалардын жаралыш себеби жана көркөмдүк касиети // Кыргыз тили жана адабияты. -2009. -37-39-бб.

Абдувалиев Ибраим - филология илимдеринин доктору, профессор, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессору

Эмгектери:

1. Абдувалиев И. Словарь односложных корней и основ в кыргызском языке. -Б., 2017. -324 с.
2. Абдувалиев И. Лексикология современного кыргызского языка (научное издание). – Бишкек: Улуу Тоолор, 2016. – 140 б.
3. Абдувалиев И. Об истории изучения лексики современного кыргыского языка. Известия Нац. акад. наук Кырг. Респ. – Бишкек, 2016. №1. – С. 94-102.
4. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин этимологиялык сөздүгүнүн тажрыйбаларынан // Акад. Орузб-га 95 жыл. Конференциянын матер-ры. -Бишкек, 2020. -57-65 б.

Усубалиев Бейшенбай Шенкеевич - филология илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык Кувейт университетинин журналистика жана коом менен байланыш кафедрасынын профессору

Эмгектери:

1. Усубалиев Б.Ш. Адамдын физиологиялык абалын, эмоциясын туюндурган этиштик антонимдер (А. Жакыпбековдун чыгармаларынын негизинде) Б.Ш. Усубалиев, А.И. Иймангазиева // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2024. – № 2. – С. 199-212.
2. Усубалиев Б.Ш. Учурдагы кыргыз тилинин неологиясынын айрым маселелери / Б.Ш. Усубалиев, А. Закиров, Б. Мукамбетова // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2024. – № 3. – С. 359-368.
3. Усубалиев Б.Ш. Кыргыз, араб тилдериндеги мезгилдик маанини, убакытты, сан-өлчөмдү билдирген анималистик фразеологизмдер / Б.Ш. Усубалиев, Э.Ш. Буудайбекова // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – № 3. – С. 296-306.
4. Усубалиев Б.Ш. "Баш" соматикалык фразеологизмдери кыргыз жана араб тилдеринде / Б.Ш. Усубалиев, А.Т. Оторчиева // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – № 3. – С. 307-319.

**11. Корутунду.** Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы” деген темадагы диссертациялык иши КРнын Президентине караштуу УАКнын докторлук диссертацияларга коюлуучу талаптарына толугу менен жооп берет. Диссертациялык иштин темасынын кыргыз тил илими жаатында актуалдуулугун, зарылдыгын, алынган тыянак-натыйжаларынын негиздүүлүгүн, илимий жаңылыгын жана теориялык, практикалык жактан баалуулугун эсепке алуу менен, ишти Д.10.24.700 диссертациялык кеңешине 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча коргоого кабыл алууга сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин доктору,**
**доцент** **А.О. Ормонбекова**
08.01.2025-ж.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**

**Окумуштуу катчы,**
**филология илимдеринин доктору** **С.К.Каратаева**

*Окумуштуу катчынын колун тастыктайм:*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун
КБнын башчысы **А.Жайнакова**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ